**“Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, анын түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин буйругунун долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

## 1. Максаты жана милдети

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин бул буйругунун долбоору Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, анын түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырууда жана “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына берүү жөнүндө” 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык, жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

## 2. Баяндоочу бөлүк

Жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү стандарттарын бекитүү “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-декабрындагы №674 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомуна ылайык сунушталууда.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин аталган токтомуна ылайык Бирдиктүү реестрдин (тизмектин) 5-главасына Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн 65 жана 66-пункттары менен толукталды.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөргө мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү Стандартынын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-

жылдын 3-сентябрындагы № 603 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү стандартын иштеп чыгуу боюнча нускаманын негизинде иштелип чыккан.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин (тизмегинин) 5-главасынын 65, 66-пункттарына ылайык Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаменти төмөнкүдөй кызматтарды көрсөтөт:

- лабораториялык корутунду берүү менен асыл тукум малдын алынып келинген уруктарынын сапатына лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- асыл тукум малдын асылдуулук жана азыктуулук сапаттарын жана тегин аныктоо.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы No 191 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү системасын оптималдаштыруу боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө жобого ылайык, аларды ведомстволор аралык комиссия кароосу зарыл шарт болуп саналат.

Ушуга байланыштуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бул стандарттары Ведомстволор аралык комиссиянын 2022-жылдын 29-июлундагы № 59 протоколу менен бекитилген жана андан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана аткаруу бийлигинин органдарына берүү жөнүндө” токтомуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун" Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин буйругу менен бекитилүүгө тийиш.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде “Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, анын түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин буйругунун долбоору кароого берилет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин ушул буйруктун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин буйруктун долбоору министрликтин расмий сайтына жайгаштырылды.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Министрликтин буйругунун долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Буйруктун долбоорун ишке ашыруу республикалык бюджеттен кошумча каржылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин буйругунун долбоору жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ал ишкердикти жөнгө салбайт.

**Министр** **А.С. Джаныбеков**